**2021-2022-окуу жылында тарбия иштери боюнча келип чыккан көйгөйлөр:**

- Мектеп ичинде уюштурулган коомдук иштерге окуучулардын пассивдүү катышуусу;
- Кээ бир ата-энелердин мектеп менен тыгыз байланышта болбоосу;
- Музыкалык аппаратуранын жоктугу;
- Компьютердин жетишсиздиги.

Мектеп окуучулары келечекте биздин кылымдын татыктуу кадрларынан болушуна мектеп администрациясы көмөк көрсөтө бермекчибиз жана жаңы окуу жылына коюла турган милдеттер төмөнкүлөр

**2022-2023-окуу жылында тарбия иштеринен келип чыккан милдеттер:**

- 1.Ата-энелер менен тыгыз байланышта болуу, "Ата-энелер университетин" иш-чараларын жандандыруу;
- 2.Укуктук тарбия берүү боюнча инновациялык методдорду колдонуу;
- 3.Мектептин материалдык – техникалык базасын чыңдоо;
- 4.Залдары жашылдандыруу, көрктөндүрүү.Мектептин ички жана сырткы тазалыгын 5актоо;
- 6.Парламентти кабинетти камсыздоо, парламенттин ишин күчөтүү;
- 7. «Кыздар кеңешинин»,"Балдар кенешинин" ишин күчөтүү;
- 8. Акы төлөнүүчү ийримдердин ишин көзөмөлдөө, күчөтүү;
- 9. Окуучулардын сырт келбетин көзөмөлдөө.
- 10. "21-кылымдын интеллектуалдары" конкурска катышуу;
- 11. "Жол эрежеге так бол" райондук кароо-сынакка катышуу.

**Соц.педагогтун 2020-2021-окуу жылына карата берилген анализ:**

2021-2022-окуу жылында соц. педагогдук милдетин дене тарбия мугалими Эгембердиев Нурсултан Мырзабекови алып барды. 2021-2022-окуу жылында түзүлгөн пландын негизинде төмөнкүдөй иштерди алып барды:

- ❖ Мектептин соц картасын аныктоо;
- ❖ Окуучулардын учетторун алуу;
- ❖ Кылмыштуулуктун алдын алуу;
- ❖ Профилактикалык жолугушууларды уюштуруу;
- ❖ Жугуштуу оорулардын алдын алуу;
- ❖ ДМЧ балдар менен иш алып баруу;
- ❖ Зомбулуксуз мектеп.

Окуу жылынын башында алты тараптуу келишим түзүлүп, ар бир көрсөтүлгөн мекеменин мөөрү бастырылып бекитилди, ар бир окуучунун социалдык картасы түзүлүп, ар бир класстын класс жетекчиси тарабынан класстардын социалдык картасы аныкталды. Социалдык педагог ар бир класстын аныктап берген социалдык паспортунун негизинде ар бир окуучуну төмөндөгүдөй континенттерге бөлүштүрдү:

Окуучулардын жалпы саны: 297
Социалдык коргоого муктаж окуучулар: жок
Жарым жетим: 13
Тоголок жетим: 1
Көп балалуу үй-бүлөлөрдүн саны: 18
Аз камсыз болгон окуучулардын саны: 6
ДМЧ- 6

Мектепте жыл башынан бери ишеним кутучасы ачылып, ага түшкөн каттарга анализ жүргүзүлүп турду.И ДН кызматкерлери окуучуларга байма-бай лекцияларды окуп,ар кандай кырсыктардан алдын алуу максатында түшүндүрүү иштерин жүргүзүп турушту. Мектепке бөлүнгөн ИДН кызматкери Калкаманов Максат окуучулар менен тыгыз иштерди алып барды. Маселен: рэкетчилик,диний экстремизм жана терроризм, суицид, кылмыштуулукту алдын алуу боюнча эки жарым жылдыкта чогулуштарды уюштуруп, лекцияларды окуп турушту.

Бирлик жалпы орто билим берүү мектебинде зомбулукка жол бербөөнү калыптандырууга, зомбулукка каршы күрөшүү зомбулукту болтурбоо боюнча иш чаралар өтүлдү:

Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча класстык сааттар өткөрүлүп турду.

«Адепсиздиктин акыры-кылмыш» деген темада 7-8-9-10-11-класстын балдарына тегерек стол өтүлүп, окуучулар бул тегерек столдо адамгерчиликке, адептүүлүккө калыптанышты. Кылмыш кылуу-өтө оор нерсе, аягы жакшы болбостугу тууралуу маалыматтар берилди. Мыйзам чегинде ар бир катталган кылмыш үчүн өзүлөрүнө тиешелүү жазалар алынарын окуучуларга айтылды.. Бирок ушуга карабай азыркы учурда өспүрүмдөр арасында катталган кылмыштар күн санап өсүүдө.

«Зордук-зомбулуксуз жашоого кол сунам» -Форум театр өткөрүлдү (мигрант баланын абалы, эрте никеге туруу-кылмыш, ажырашып кеткен ата-эненин баласынын абалы)

«Бактылуу балалык кербени» аталышындагы жашы жете электер арасында укук бузууларды жана зордук-зомбулукту алдын алуу боюнча иш чара өткөрүлдү. Пландын негизинде мектеп боюнча «Зордук-зомбулуксуз жашоо!» акциясы уюштурулду. «Биз зордук-зомбулукка каршыбыз!» деген темада 8-11-класстар арасында тегерек стол өтүлүп, класс жетекчилер тарабынан ушул эле темада класстык сааттар өтүлдү. 9-11-класстар арасында «Рэкетчилик эмнеден башталат?» деген темада иш чаралар өтүлдү.

«Диний экстремизм-коомчулуктун көйгөйү» деген темада тегерек стол уюштурулуп айылдын имамы Х.Тыналиев келип окуучуларга кыскача маалымат берди. Дене тарбия

## УСУЛДУК БИРИКМЕЛЕРДИН АНАЛИЗИ

| № | Усулдук бирменин аталышы | Жетечиси | Усулдук бирикмелердеги мугалимдердин саны |
|---|---|---|---|
| 1 | Башталгыч класстар усулдук бирикмеси | Бекжанова Г.С.. | 7 |
| 2 | Гуманитардык багыттагы усулдук бирикмеси | Сыдыкова Б.Ө. | 8 |
| 3 | Табигый-так илимдер багыттагы усулдук бирикмеси | Садырова Ф.Ш. | 7 |
| 4 | Эстетикалык усулдук бирикме | Асанбаев К.К. | 6 |

**А. Коёнкөзов атындагы № 18 Токтоянжалпы орто билим берүү мектебинин башталгыч классынын 2021-2022 –окуу жылындагы окуу жана ишмердүүлүгү боюнча жылдык отчету**

А.Коёнкөзов жалпы орто билим берүү мектебинин башталгыч классында 5 класс комплектиси бар жана 2 жогорку билимдүү, 1 бакалавр, 3 атайын орто билимдүү мугалимдер эмгектенишет. Мугалимдер өз иштерине так ,сабакты өз убагында көрсөтмөлүүлүк менен өтүшөт . Класстар баардык окуу куралдары менен жана окуучулар окуу китептери менен камсыз болушкан. Жетишпеген окуу китептери менен ата-энелер камсыз кылышкан . Сабактан окуучулар себепсиз калтырышпайт,себеп болсо мугалимден ата-энелер уруксат сурашат. Класста одоно тартип бузган окуучулар жокко эсе ,мугалимдер үзгүлтүксүз окуучулардын билимине жана тарбиясына көңүл буруп турушат .

Жумалык жүктөмдөр:

**1 класс ,класс жетекчиси** : Асанакунова А. жумалык жүктөм 14 саат

**2- класс, класс жетекчиси** : Сегизекова Ж, .Жумалык жүктөм 14 саат.

**3- класс, класс жетекчиси** Куялиева Г. Жумалык жүктөм 16 саат.

**4- класстар ,класс жетекчилери** Бакалова Ф, Бекжанова Г, .жумалык жүктөм 16 саат.

Башталгыч класстын мугалимдери баары тажрыйбалуу ,өз ишин так билген чыгармачыл мугалимдер деп айтсам жаңылышпайм.

Август-сентябрь айларында бардык башталгыч класстар жамааты календардык план ,тарбиялык план, журнал,тарбиялык журнал менен тыгыз иш алып барышты. Анткени ушул эки айда бир гана пландар менен иштөө мугалимдердин талыкпаган эмгегин талап кылышат. Ар бир мугалимдин планын туура жазылышы ,китеп менен дал келиши,жана сааттардын дал келиши көптөгөн иштерди талап кылынат . Сентябрь айынын башында ар бир мугалим пландарды текшертип ,кол койдуруп ,печать бастырышкан .Ар бир мугалим бекитилген план боюнча иш

алып барышууда. Башталгыч класстардын мугалимдеринин өздүк документтери иреттелген ,баардыгы орду менен жана журналдарды өз убагында таза толтурушат.

2.Башталгыч клаастарда китеп маселеси көйгөй жаратпайт .Мектеп китепканасында китептер өтө эски , окуучуларга толук жетишпейт. Бирок ата-энелер жетишпеген китептерди дээрлик бардыгы камсыздап беришет

Ата- энелердин жардамы менен окуучулар 97 % китеп менен камсыз болушту . Кээ бир ата энелер балдарынын эски китептерин көрүп албай койгон учурлар болду .Алар өздөрү китеп дүкөнүнөн китептерди балдарга сатып беришти . Бул жереден ата энелерге ыраачылык билдирип кетүү керек .Арбир мугалим окуучуларга жылдын башында өрт коопсуздугу жана техникалык коопсуздук тууралуу кеңири маалымат берип , мектептин эвакуация схемасы менен тааныштырышты.

Усулдук бирикменин мугалимдери өзүнүн функционалдык милдеттерин билишет жана так аткарууга алышат.

**А.Коёнкөзов жалпы орто билим берүү мектебинин башталгыч классынын декадасынын жыйынтык маалыматы**

Бирлик жалпы орто билим берүү мектебинин башталгыч классынын 2021-2022 окуу жылындагы 15-ноябрдан 15-декабрга чейинки декадасы жыйынтыкталды.

Планга киргизилген бардык иш- аракеттер толук аткарылып бүттү.

Ар бир класс алгач түзүлгөн план менен таанышып ,классты пландын жүрүшү менен тааныштырып чыгышты. Класстар башталгыч класстарга ылайыктуу декаданын темаларына байланыштуу жана “Окуу керемет” долбоорунун негизинде дубал газеталарды тартып илишти. Ар бир класстын дубал газетасы мыкты жасалган жана балдардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайыктуу жасалган.

“Сүйлөшүү маданияты” темасында 2-класстын класс жетекчиси Сегизекова Жыпаркүл ачык тарбиялык саат өттү .Сабакта окуучулар Баластан телеканалындагы “Билесиңби” балдар телепрограммасын чагылдырып беришти. Анда окуучулар саламдашуужана сүйлөшүү маданияты тууралуу роликтерди мыкты көрсөтө алышты. Ал эми тыныгууга дасторкондо отуруу маданияты тууралуу көрсөтө алышты. Класста эң мыкты алып баруучу болуп Танатарова Нураида жана Желдеңова Нурэлес табылды .Башка окуучулар да активдүү катышышып сабак максатына жетти жана мыкты тарбиялык билим ала алышты.

“Кыз жигиттин Сармерден” деген темада 4-а класстын класс жетекчиси Бакалова Фачык сабак өттү .Мында мугалим окуучулар менен биргеликте этно педагогикагын элементтерин пайдалануу менен эң жакшы деңгээлде сабак өтүлдү. Андан сырткары “Окуу керемет” долбоорундагы көнүгүүлөр менен балдар эң жакшы иштешти. Окуучулар топко бөлүнүшкөн. Ар бир топ берилген тапшырмаларды так туура аткарып жатышты.Сабак мыкты өттү жана максатына жетти.

3- –класстар арасында“Ырыс алды-ынтымак” таймашы болуп өттү. Таймашта окуучулар алдын-ала түзүлгөн сценарий менен таймашуу болду .Алгач балдар бири –бири менен саламдашуу менен башташты. Окуучулар андан соң дикламация ,жекече ыр,бий менен коштолду.

Жыйынтыгында логикалык суроолор жана 3 предметтен тесттик суроолор берилди. Окуучулар активдүү катышып бири менен мыкты таймаштарды жүргүзө алышты.

Эң мыкты катышкан окуучулар грамота менен сыйланышты.

4б-класстын класс жетекчиси Бекжанова Гүлзат 4-класска “Акыл ордо” таймашын өттү. Таймашка 4-класстын эң мыкты окуган окуучулар катышышты. Акыл ордо таймашында суроолор ар кандай варианттарга бөлүнгөн .Балдар өздөрү каалаган варианттарды тандашып ошол боюнча 10 дон суроолорго жооп берип жатышты. Балдар улам бир тепкичке көтөрүлгөн сайын баллы аз окуучулар оюндан четтетилип жатты .Бул таймашка ар бир окуучу өз билимин ар тараптан баалап жатышты.

Жыйынтыгында эң мыктынын мыктысы болуп 4- класстан Максүтова Алтынай табылды жана 2-орунга ээ болду.

Андан сырткары 2020-2021 –окуу жылында жана 2021- 2022- окуу жылдарында “Окуу керемет долбоору боюнча тыгыз иштеп баштадык. Анда окуучуларга жекече жаш өзгөчөлүгүнө карата мамиле жасап , жана сабакты интерактивдүү усулдар менен стратегияларды колдонуп өтүү керек экендигин жана ар бир окуучуга жекече мамиле кылуу керек экендиги баса белгиленип ошого багытталган оккуулар жүрүүдө. Ар бир мугалим 2020-2021- окуу жылында ушул берилген стратегияларды колдонуп сабак өтүп жакшы жыйынтыкка келишти .

Ата-энелер университети боюнча ар бир мугалим план түзгөн . Түзүлгөн план боюнча ар бир мугалим иш алып барышат . Уюштуруучу тарабынан ата энелер университети боюнча ата энелер менен

биргеликте алып барылчу ачык сабактардын графиги коюлган . Ар бир класс жетекчи тарбиялык маанидеги ачык сабактарды өтүп жатышты .Алсак 11- класстын класс жетекчиси Рыспаева Айзада “Келечек ээлери – балдарыбыз!” деген темада ата- энелердин катышуусунда ачык тарбиялык саат өттү. Сабакта Айзада интерактивдүү усулдарды жана ТСО кеңири пайдалануу менен жеткиликтүү сабак өтө алды .

**А.Коёнкөзов жалпы орто билим берүү мектебинин гуманитардык усулдук бирикменин 2021-2022-окуу жылына берилген анализи:**

А.Коёнкөзов жалпы орто билим берүү мектебинин гуманитардык усулдук бирикменин 2021-2022-окуу жылына берилген анализи:

А.Коёнкөзов жалпы орто билим берүү мектебинде гуманитардык усулдук бирикмеде 8 мугалим иштеп,билим берип келишти.Ар бир мугалим өзүнө тиешелүү сааттар боюнча сабактарды беришти.Анын ичинен «Билим берүүнүн мыктысы» Байгашкаев А.Э. Отжанова А.К..-орус тили жана адабияты мугалимдери,Сыдыкова Б, Шарапова А,-кыргыз тили жана адабияты мугалимдери,Куялиева К, Төлөбай к Э.-чет тили мугалимдери Рыспаева А, Абдиева А.

1-жарым жылдыкта гуманитардык усулдук бирикменин планы боюнча ачык сабактар өтүлдү.Ар бир сабактарга катышып ,усулдук бирикме башчысы анализ берди.Мугалимдер сабактарын жаны интерактивдүү ыкмалар менен өтүүгө аракеттеништи.Сабактардын максаттарын коюу менен окуучуларга түшүнүктүү жеткиликтүү өтүштү.

Абдиева А 3-класска «My family»деген темада ачык сабак өттү. Төлөбай к Э. 5-класска «Бугу эне»атуу темада ачык сабак өттү. Сыдыкова Б.8аб класстарына орус тили «Масленница»деген темада сабак өттү.Калган мугалимдер да 1-жарым жылдыкка жана 2-жарым жылдыкка карата ачык сабактарын өтүштү.Сабактар көрсөтмө куралдар менен,жаш мугалимдер ТСО колдонуп,проектор менен сабактарды жаны инновациялык ыкмалар менен өтүүгө аракеттеништи.Чыгармачылык менен карточкаларды жасашып,ар бир темада плакаттарды,интернет маалыма булактарынан алынган маалыматтарды чогу бирдикте пайдаланышты.Окуучулардын сабакка кызыгуусун ойготуп ,дискуссия жаратып жатышты.Сабактын максаттары туура окуучунун позициясынан коюлду.

Ар бир мугалим жөндөмдү окуучулар менен иштоонүн ,кошумча сабак талап кылган окуучулар менен иштөөнүн ,ийримдердин иштерин жетектешет.

2021-2022-окуу жылында ар бир айга ар бир мугалимге семинарлар коюлган,ар бир мугалим талапка жооп берерлик кылып семинарларын өтүштү.

Жылдык иш пландын аткарылышы боюнча:

Сентябрь айында ар бир мугалим календардык пландарын,жондомдуу,кошумча сабак талап кылган,ийримдин пландарын толугу менен бутуруп,иш алып барышты.Ошондой эле мамлекеттик тилдин 1 айлыгы жарыяланып,ага мектеп окуучулары менен мугалимдер пландын негизиндеиш чараларды өтүштү.Анда окуучулар ырларды жаратышты,эссе,дилбаян сынактары болду.Активдуу катышкан окуучуларга мактоо баракчалары,грамоталар берилип атты.

Октябрь айында Байгашкаев А.Э гуманитардык багыттагы мугалимдерге «Билим берүүдөгү заманбап технологиялар жана усулдар»аттуу темада семинар өттү,анда бардык мугалимдерди замандын талабына ылайык иштөөгө чакырды.Ошондой сабаттуулукту арттыруу максатында сынактар уюшулуп,.женүүчүлөр аныкталып сыйланышты.

120жылдык ээлеринин маарекеси жогорку денгээлде белгиленди,Төлөбай к Э бурч уюштуруп,окуучулар менен жакын таанышууларды ишке ашырып жатт.

Ноябрь айында англис тили мугалими Рыспаева Айзада Бектуровна «Баалоо критерийлери»деген темада семинар өттү.Ошондой эле мектепте предметтер боюнча олимпиадага даярдоо иштери башталды.

Декабрь айында окуучуларды райондук олимпиадаларга даярдоо иштери болуп жатты.Ч.Айтматовдун жылдыгына карата интеллектуалдык таймаштар өтүлдү.Анда кыргыз тилчи мугалим Куялиева К 8-класстар арасында кызыктуу таймаш өттү.

Адабият куну карата Байгашкаев «Акыл Ордо»өттү,анда абдан кызыктуу категориялар тузулгон,мисалы,мультфильмдер категориясы,ооба жок категориясы ж.б

Январь айында англис тили жумалыгы белгиленди.Анда окуучулар англис тилинде суйлошуп,кыскача видеоматериалдарды коруп,чыгарманын атын англис тилинде таап жумалыкка жакшы катышышты.

Февраль айында орус тили боюнча декадалар өтүлдү,анда залга тапшырмалар илинди:кроссворд,сканворд ,аннаграмма,логикалык тапшырмалар.Отжанова А.1-класстарга ачык сабак отту,окуучулар кичинекей болсо да создордун которулушун билишет.Билимдери терен экени байкалып турду. Шарапова А 6-класстарга сынак өттү,сынакта орус тилинде

сахналаштыруулар,ырлар,корком окуулар болду.Орус тили декадасын жыйынтыктоо максатында концерттик программа уюшулду.Анда окуучуларыбыз орус бийлерин,орус ырларын ырдашып шандуу концер отушту.Жыйынтыгында активдуу катышкан окуучулар грамота менен сыйланышты.

Дуйнолук эне тил куну белгиленди анда ар бир класс ар кайсы улут болушуп,ар кайсы улуттун каадасын,улуттук тамак-ашын,ырларын,бийлерин аткарып беришти.

Март айында окуучулардын дептерлеринин абалы текшерилди,окуучулардын окуу техникасы алынып,окуп тушунуусу бааланды.Билим сапатын текшеруу максатында окуучулардан тесттер алынды.

**Гуманитардык багытта усулдук бирикменин**
**2022-2023- окуу жылынан келип чыккан көйгөйлөр:**

- 1.Окуучулардын коллиграфиясынын начардыгы;
- 2.Англис тили, орус тили предметтеринен окуучулардын билим сапатынын төмөндүгү;
- 3.Жөндөмдүү окуучулар менен иштөөдө мугалимдердин кайдыгерлиги;
- 4. Англис тили предметинен окуучулардын сүйлөө кебинин аздыгы;
- 7.Мамлекеттик стандарттын негизинде окутуунун жаны усулдарынын аз өлчөмдө колдонушу;
- 8.Окутуу учурунда ТСОнун,проектордун жетишсиздиги;
- 9.Усулдук бирикмеде семинар-тренингдердин аз уюштурулушу;
- 10.Предметтик олимпиадалардан орундардын аздыгы.
- 11. ЖРТдан босого балдан аз алышы.

**Гуманитардык багытта усулдук бирикменин**

**2022-2023- окуу жылына келип чыккан милдеттер:**

- 1.Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу жана кызыктыруу максатында ар кандай иш чараларды ,мисалы жомокторду,конкурстарды,кечелерди ж.б уюштуруу

- 2.Сабактарды кызыктуу өтүү үчүн мугалим өзү изденүүсү абзел,ар кандай интерактивдүү методдорду колдонуу.

- 3.Класстар арасында таймаштарды окуучулардын билим денгээлине жана жаш өзгөчөлүгүнө жараша уюштуруу.
- 4.УБнын пландарын өз убагында, так аткаруу.
- 5.Жакшы иштеген мугалимдердин ишин баалоо.
- 6.Гуманитардык багыттагы предметтер боюнча окуучулардын билим деңгээлин 2%га жогорулатуу.
- 7.Мамлекеттик стандарттын негизинде окутуунун жаны усулдарын колдонуу.
- 8.Окутуу учурунда ТСОнун ,проектордун жардамы аркылуу окуучуларга жеткиликтүү түшүндүрүү.
- 9.Усулдук бирикмеде семинар-тренингдерди уюштуруу.
- 10.Райондук олимпиададан орунга жетиштирүү.

бир сабактарын үзгүлтүккө учуратпай, чыгармачылык менен иш алып барып жатышты. Билим сапаты боюнча 4а -класстын окуучулары 51,7% түздү класс жетекчиси Бакалова Ф.У.

Ортоңку баскычта 7 -класстын билим сапаты башка класстарга салыштырмалуу предметтерден билим сапаты 42,3% түздү. Анда окуган окуучулар жандуу,сабактарга дайыма даярдык менен келишет.

Мектеп райондук олимпиадага 14 окуучу катышып, 1 окуучу байгелүү орундарга ээ болду.

Жогорку баскычтарда 11-класста 17 окуучу билим алат, 5/2 окуучу ударник, билим сапаты 29,4% түздү, класс жетекчиси Рыспаева А.Б.. 8а-класстын окуучулары абдан активдүү кыздары жандуу, атап кетсек, Мундукова Айгерим, Мундукова Асема, Сапарбекова Умутай

Ата-энелер менен тыгыз иш алып барышат, бирок ушул предметтерден көп басым жасоо талап кылынат. Информатикадан компьютер жетишсиз, мектепте 11 компьютерден 10 компьютер иштейт, окуучулар информатика предметинен кыйынчылыктарды көрүшөт.

**А.Коёнккөзов жалпы орто билим берүү мектебинин табигый- так илимдер усулдук бирикменин 2021-2022-окуу жылынын аткарылган иштери боюнча анализ**

2021-2022-окуу жылында табигый-так илимдер усулдук бирикмеси 6 мугалим эмгектенип келет. Мугалимдердин 5 жогорку билимдүү,1 бакалавр.

Алгебра жана геометрия сабагынан – Албанов К.Ж. Садырова Ф.Ш. Молдакматова С.Д.

Химия ,биология –Бекбосунов У. Н.

Физика – Шаршалиева А.Б.

География- Мукамбетова Э.Б

Информатика – Молдакматова С.Д.

Сентябрь айынын башында ар бир предметтик мугалим календардык пландарды текшертип бекиттиришти.

Усулдук бирикмеде чейрек сайын бирикменин чогулушу өтүлүп турду.Чогулушта өз-ара сабакка катышуунун ,өз билимин өркүндөтүнүн, сабакты жакшы өздөштүргөн окуучулар менен иштөө абалы,жана мугалимдин жардамы муктаж окуучулар менен иштөө абалы текшерилип,талкууланып турду.

Табигый –так илимдер бирикмеде предметтер боюнча ийримдер уюштурулган .Ар бир предметтик мугалимдер ийримдин пландарын иштеп чыгып,бекиттиришкен.Администрация тарабынан түзүп берилген ырааттама боюнча айына 2 жолу өтүлүп турат.

Химия сабагынан «Химик» ийримин Бекбосунов У жетектейт,8 окуучу катышат. Айына 2 жолудан өтүлүп турат.

Биология сабагынан «Эвкалипт» ийримин Муканбетова Э жетектейт, ийримге 10 окуучу катышат.

Физика сабагынан «Эврика» Шаршалиева А .жетектейт,8 окуучу катышат.

Математика сабагынан «Математик» ийримин Албанов К.Ж. жетектейт 12 окуучу Негизинен усулдук бирикменин мугалимдери чыгармачыл ,изденүү менен иш алып барышат .

1-жарым жылдыкта мугалимдер төмөнкүдөй ачык сабактарды өтүштү.

Математика предметинен Албанов К. 6-класс «Бир мүчөлөрдү көбөйтүү» .Физика предметинен Шаршалиева А 7-класс« Күчтүү өлчөө,динамометр» Биология предметинен Муканбетова Э . 6-класс«Өсүмдүктүн тамыр акрылуу азыктанышы » Химия предметинен Бекбосунов У 8-класс «Жөнөкөй жана татаал заттар»

Ачык сабактарга катышып,анализдер берилип,протоколдор түзүлүп, сунуштарын пикирлерин билдиришти. 06-декабрдан 10-декабрга чейин математика ,физика,информатика предметтеринин жумалыгым өткөрүлдү.Планы түзүлүп ,бекитилип ,пландын негизинде иштер жүргүзүлдү. .

Декабрь айында мектеп ичинде негизги сабактардар боюнча олимпиада өткөзүлүп окуучулар арасынан райондук олимпиадага катышуучу окуучуларды тандап алынды.

Бул окуучулар менен ар бир предметник жекече иш алып барышты .Ар кандай иновациялык методдор менен иштешти.Масле иштөө, Практикалык иштер,Лабораториялык иштер , Видео сабактар ,(тв) Карта менен иштөө ,тест менен иштөө.

Райондук олимпиада Кайкин жана Карымшаков мектебинде өтүлүп жыйынтыгында :

Математика сабагынан 11-класстын окуучусу Кенешов Актилек 2-орунга ээ болду. Мугалими Албанов К.Ж. Январь айында Химия.физика ,биология сабактарынан лабораториялык сабактардын берилиши жана окуучулардын дептерлеринин абалы текшерилди.Химия,Физика .биология сабактарынан календардык пландын негизинде практикалык,лабораториялык сабактар өз убагында,өтулуп турат ,окуучулардын дептерлери бар,толук жазылган .

Лабораториялык приборлор ,реактивдер жоктугуна байланыштуу видео сабак аркылуу өтүшөт.

## ОТЖПны башкаруу жана ишке ашыруу

2021-2022-окуу жылында башкаруу системасында реформация жүргүзүлүп, мектептин администрациясы өз мидеттерин толугу менен аткарышты. Жыл ичинде планда көрсөтүлгөн педагогикалык кеңешме, мүдүр алдындагы кеңешме бөлүнүп өтүлдү. 29-августа педагогикалык кеңешмеде окутуунун –жакшыртуу планын жана жаны окуу жылга максаттары жана милдеттери бекитилди. Жыл ичинде мектеп командасы мониторинг менен алек болуп жылдын аягында өзүн-өзү баалоону өткөрдү. Анын негизинде жогорудагыдай отчет даярдалды. Окуучулар, ата-энелер, мугалимдер үчүн анкеталар иштетилип чыгып, окуу бөлүмүнүн башчысынын, УБнын , Ийримдин жетекчилеринин, китепканачынын тематикалык отчеттору, окуучулардын жетишкендиктери талданып, кээ бир окуучулар ата-энелер менен маектешүүлөр жүргүзүлдү. Негизги окуу формалары: Ош-1, РИК жетишүү матрицасы, мектептин отчеттук картасы талданды. Жыйынтыгында мектептин ишмердүүлүгүндөгү күчтүү жана алсыз жактары, көйгөйлөрү аныкталды, аларды чечүү боюнча ата-энелердин, окуучулардын , мугалимдердин пикирлери угулду.

## Коёнкөзов 2021-2022-окуу жылындагы анализи
## жалпы орто билим берүү мектебинин китепканасынын

Коёнкөзов жалпы орто билим берүү мектебинин китепканасынын жалпы ишинин аткарылышы пландагыдай аткарылып,анын ичинде класс жетекчилер, ата – энелер менен тыгыз байланышта болууга жетишти. Пландын негизинде Август айында окуучуларга окуу китептери таратылып берилди. Жетишпеген китептер боюнча ата-энелерге,мектеп жетекчилигине маалымат берилип заявкалар өткөрүлдү.

Сентябрь айында 1-класстын окуучулары салттуу окушкандыктан мектептин китепканасы менен тааныштыруу максатында саякат жүргүзүлдү. Ошондой эле Мамлекеттик тил күнүнө карата дубал гезит чыгарылып, бурч уюштурулду.

Октябрь айында “Карылар күнүнө карата” жана Мугалимдер күнүнө карата “Мугалим мөмөлүү дарак” аттуу темаларда бурчтар уюштурулуп, 1- класстын окуучулары менен класс жетекчилер көркөм окууларды,сүрөттөрдүн көргөзмөлөрүң жогорку денгээлде өкөрүштү.

Декабарь айында улуттук адабият күнүнө карата Ч.Айтматов жана А. Осмонов тууралуу китеп жана окуучулардын эмгектери көргөзмө уюштурулуп, башталгыч класстын мугалимдери 1-класстан 4-класска чейин көркөм айтуу, сүрөт, ыр,бий, саналаштыруу кароо сынактарын өткөрүшүп,мыктыларын граммата ,белектери менен сыйлашты. Бул кароо сынакты башталгыч класстын мугалими жана усулдук бирикменен башчысы Бекжанова Г. жетектеп жогорку денгээлде өткөрүлдү.

Январь айында Х. Карасаевдин маарекесине карата кыргыз тилчи Байгашкаев А. менен биргеликте бурчтар уюштурулуп,китептин көргөзмөсү өткөрүлдү.Ошондой эле класс жетекчилер видео сабактарды даярдашып, класстарына тааныштырышты.

Февраль айында “Ата Мекенди коргоочулар күнүнө” карата бардык класстар буклеттерди жана дубал гезиттерди чыгарышып бурчтар уюштурулду.

Мындан тышкары ар бир ай сайын класстарды китептердин абалы боюнча рейддер жүргүзүлүп, тышталбаган, жыртылган, булганган китептер боюнча класс жетекчилерге эскертүүлөр берилип кайра ондоо түздө иштери жүргүзүлүп турду.

Китеканага картотекалар түзүлүп, окуучуларга мугалимдерге убактылуу китептер берилип турду.

Жаны китеп долбоору тарабынан китепканачыга бир компьютер, бир принтер, наушник берилди.

Мектептин китептери базага кирип, арендага берилген китептердин акчалары өз убагында РСК банкына ата-энелер тарабынан которулду.

Жаны келген китептер боюнча мугалимдерге , окуучуларга маалыматтар берилип тааныштырылып турду. 2021-2022-окуу жылында китеп кананын иши “канааттандырарлык” деп табылды

# SWOT анализ

| Күчтүү жагы | Алсыз жактары |
|---|---|
| Мектептин материалдык техникалык базасы талапка жооп берет.Мугалим предметниктердин 85% 5-25 жыл иш тажрыйбасы бар.ЖОЖго өтүү боюнча жогорку натыйжалар. | Негизинен окуучулардын билим сапаты төмөн,дифференциалык окутуу ыкмасы жөндөмдүү окуучуларга колдонулат, Мектепте негизинен салтка айланган баалоо колдонулат,бул окуучуларды билим алууга кызыктырбайт,Окуу китептери жана окуу пособиелери жетишсиз жана эски,Жаңы ОТК жетишсиз түрдө колдонуу.<br>Ал ЖРТын баллынын төмөндүгү,Алтын сертификат,Артыкчылык күбөлүгүнүн жоктугу. |
| **Коркунучу** | **Келечеги** |
| Окуучулардын жана ата-энелерге жаңы технологиялар менен ааламдашуунун терс жактарынын таасири көп болуп жаткандыгы. Ата-энелердин мектептин ишмердүүлүгүн пандаштырууда жана көйгөйлөрдү чечүүдө формалдуу катышы. | Жаңы технологияларды,жаңы методикаларды пайдаланып изденүүчүлүк мене ниш алып барган мугалимдердин бардыгы. Балдардын билим алуусуна кызыгуусу бар ата-энелердин болушу.Бардык мугалимдердин өз кесиби менен жайгашуусу. |

# 2021-2022-ОКУУ ЖЫЛЫНА КАРАТА МЕКТЕПТЕ АНЫКТАЛГАН КӨЙГӨЙЛӨР

- Алтын тамга,артыкчылык аттестатынын жоктугу;
- Областык олимпиаданын жоктугу;
- ЖРТнын жыйынтыгынын төмөндөгү;
- Физика,химия сабактарында практикалык, лабораториялык жабдуулардын жоктугу;
- Информатика сабагында окуучулар практика учурунда компьютерлердин жоктугу;
- Окутууда жаны технологияларын аз пайдаланышы;
- Спорт инфентарларынын жетишсиздиги;
- 11-класстарда окуучулардын билимге болгон кайдыгерлиги;
- Окуучулардын уюлдук телефондорго байлангандыгы;
- Ата-энелер чогулушуна ата-энелердин толук кандуу катышпашы;
- Райондук, областык кароо-сынактардан орундардын жоктугу;
- Олимпиадага даярдоо иштери өз убагында өтүлбөгөнү;
- 9-10-11-класстын окуучулары НЦТ, СЕКОМ тестерине аз катышы.

## КӨЙГӨЙЛӨРДҮ ЧЕЧҮҮНҮН ЖОЛДОРУ:

- Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин арттыруу;
- Информатика сабагынан компьютерлер менен камсыз кылуу;
- Предметник мугалимдердин ЖРТга даярдоо, олимпиадага даярдоо ишин катуу көзөмөлгө алуу;
- Ата-энелер менен тыгыз иш алып баруу, мектепке тартуу;
- Ата-энелер менен тыгыз байланышта болуу;
- Көзөмөлчүлүк кеңештин мүчөлөрү менен тыгыз иш алып баруу;
- Окуучуларды электрондук тесттерге көп катыштыруу, шарт түзүп берүү;
- «Ак-Тилек» өспүрүмдөр уюмун жандандыруу;
- Акы төлөнүүчү ийримдерди иш абалын жандандырып, окуучулардын кызыкчылыгын тартуу (райондук кароо-сынактарга катыштыруу);
- Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу;
- Мектепке уюлдук телефондорду алып келбөөгө тыюу салуу;
- 9-10-11-класстын ата-энелерине, окуучуларына НЦТ, СЕКОМ тесттери тууралуу туура түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, окуучуларды көп катыштыруу;
- ЖРТдан 50% көрсөткүч көрсөтүү.

## А.Коёнкөзов атындагы №18 Токтоян жалпы орто билим берүү мектебинин 2022-2023-окуу жылына кабыл алынган милдеттер:

| № | Милдеттер | Индикаторлор |
|---|---|---|
| 1-милдет | **Жаны технологияларды колдонуу менен бардык сабактардан окуучулардын билим сапатын 2 % жогорулатуу, окуучулардын билим алуусуна мүмкүнчүлүктөрүн кенейтүү.** | ✓ Окуучулар менен тыгыз иш алып баруу;<br>✓ Окуучуларды билим алууга шыктандыруу, ата-энелер менен бирдикте иш алып баруу тренингдерди уюштуруу;<br>✓ Предметтик олимпиададан жыйынтык көрсөтүү;<br>✓ ЖРТдан жогорку упайларды алуу;<br>✓ "Керемет окуу" долбооруна башталгыч класстардын мугалимдери активдүү катышуу, анда үйрөнгөн стратегияларды жайылтуу;<br>✓ Алтын тамга, кызыл күбөлүк, олимпиада көрсөткүч көрсөтүү;<br>✓ Мугалимдер арасында сабактардын берилиши боюнча рейтинг жүргүзүү;<br>✓ Алдыңкы мугалим, окуучуларды кызыктыруучу сыйлыктар менен сыйлоо |
| 2-милдет | **Мугалимдерди мультимедиялык технологияларды жана электрондук программаларды колдонуусун өнүктүрүү менен профессионалдык деңгээлин жогорулатуу, усулдук жардамдарды уюштуруу.** | ✓ Мугалимдердин професионалдык билимин жогорулатуу үчүн курстардан онлайн, офлайн форматта квалификациялын жогорулатуу;<br>✓ Мультимедиялык технологиялар менен көп иш алып баруу;<br>✓ Онлайн форматта республикалык деңгээлде уюштурулган кароо-сынактарга активдүү катышуу;<br>✓ Мугалимдерди компетенттүүлүккө багыттоо;<br>✓ Заманбап мугалимдин кесиптик компетенцияларын өнүктүрүү. |
| 3-милдет | Руханий-адептик жана дене бой жактан тарбиялоодо ата-энелердин, коомчулуктун биргелешкен иш аракетин негиздөө. Ата-энелер менен мектептин байланышын чыңдоо. | ✓ Класс жетекчилер тарбия иштеринин багыттары боюнча иш алып баруу;<br>✓ Тарбиясы оор балдар менен иштөөнү соц педагог, ата-энеси менен бирдикте иш алып баруу;<br>✓ Окуу жылдын башында окуучу, ата-эне менен келишим түзүү;<br>✓ " Ата-энелер университетин" жандандыруу;<br>✓ Класстык сааттарда камтып, балдардын руханий -адептик жактан туура тарбиялоого калыптандыруу. |

| | | |
|---|---|---|
| **4-милдет** | **Ата-энелер менен байланышты күчөтүү, аларды тарбия ишине тартуу, балдарга болгон жоопкерчилигин арттыруу. Ата-энелер университетин ишин алдыга жылдыруу.** | ✓ Үй-бүлө менен мектеп қызматташтыгын чыңдоо;<br>✓ Кыздар тарбиясын күчөтүү, эркек балдардын жигит катары калыптанышына карата ата-энелер тарабынан "Ата-энелер" университетин уюштуруп, колго алуу;<br>✓ Баланын тарбияланышына, коом, чөйрө, ата-энелердин ролуна басым жасоо;<br>✓ Окуучуларды туура жолго тарбиялоо, руханий баалуулугун арттыруу максатында тарбиялык иш-чараларды уюштуруу; |
| **5-милдет** | **Окутууну жана тарбиялоону жакшыртуу максатында кошумча кошумча каражат табууну уюштуруу. Материалдык базаны чыңдоо (Фандрайзинг)** | ✓ Мектепке кошумча каражат табуу;<br>✓ Материалдык-техникалык базасын чыңдоо;<br>✓ Мугалимдерге, окуучуларга шарт түзүп берүү; |

## Окутууну жана тарбиялоону жакшыртуу планы.

| | Кадамдар\иш чаралар | мөөнөтү | Жооптуу | Кайда каралат | ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| №1 милдет Жаңы технологияларды колдонуу менен бардык сабактардан окуучулардын билим сапатын 2% га жогорулатуу | | | | | | |
| 1 | 2021-2022- окуу жылынын жыйынтык анализи, | август | директор | Педагогикалык кеңеште | Анализ | Жетишпегегендиктерди баалоо кемчиликти жоюнун устундо иштоо жана жаны милдеттерди аткаруу |
| 2 | 2022-2023-окуу жылынын иш пландарды талкулоо жана бекитүү | август | директор | Педагогикалык кенеште | Базистик план | ОТЖП мектептин педагогика-к кадрларынын мумкунчулугуно жараша тузуу окуу жуктом-н нормага ылайык болуштуруу |
| 3 | Окуучулардын окуу китептери менен камсыз болушу жана 5-6-класстарынын китептерин ижарага берүү. | август | Китепкан-ы | Директорлук кенешмеде | | Окуу куралдар менен камсыз болот билим сапатынын которулушуно негиз тузулот |
| 4 | Окуу планынын аткарылышы | Сентябрь-май | Окуу бөлүм башчысы. | Директорлук кенешмеде | Базистик план | Билим сапатынын осушунун рейтинги чыгат жана програма-н аткарылыш-а козом-к болот |
| 5 | 2021-2024-жылдары КРсынын билим берүүнү өнүктүрүү концепциясыжана программасы боюнча талкуу | август | Окуу бөлүм башчысы. | Директорлук кенешмеде | Интернет булактары, методикалык китептер | Окуучулардын билим сапатынын көтөрүүдөгү мугалимдердин иш аракети . |
| 6 | Окуучулардын мектепке тартылышы | сентябрь | Соц.педагог | Директорлук кенешмеде | Сентябрь учету | Окуучулардын сабакка тартылуусуна көзөмөл болот. |
| 7 | Кыргыз тили, орус тили сабактарынын берилиши (окуу-н билим сапаты,тест алуу) | октябрь | Окуу бөлүм башчысы.УБ жетекчи | Директорлук кенешмеде | Интернет, ноутбук, компьютер, телефон. | Окуучулардын билим сапатынын которуудогу мугалимдердин иш аракети бааланат |
| 8 | Окуучулардын билим сапатын көтөрүүдө предметтик | ноябрь | Окуу бөлүм башчысы.УБ жетекчи, тарб.иш. | Директорлук кенешмеде | Интернет, ноутбук, компьютер, | Билим сапатынын осушунун рейтинги чыгат жана програма-н |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | мугалимдердин заманбап техно-н жана усулдарын колдонуп сабак-ы өтүү, тарб. иш. атк. б-ча мониторинг | | уюшту-у | | телефон. проектор | аткарылыш-а козом-к болот |
| 9 | Биология, химия, география сабактарынын берилиши, окуучулардын билим сапаты. | ноябрь | Окуу бөлүм башчысы.УБ жетекчи, | Директорлук кенешмеде | Интернет, ноутбук, компьютер, телефон. проектор | Окуучулардын билим сапатынын котоpуудогу мугалимдердин иш аракети бааланат |
| 10 | Физика Математика, информатика сабактарынын берилиши (окуу-н билим сапаты,тест алуу) | декабрь | Окуу бөлүм башчысы.УБ жетекчи, | Директорлук кенешмеде | Интернет, ноутбук, компьютер, телефон. проектор | Окуучулардын билим сапатынын котоpуудогу мугалимдердин иш аракети бааланат |
| 11 | Билим сапатынын 2-чейрегинин жыйынтыгы. Окуу программанын аткарылышы. Райондук олимпиаданын жыйынтыгы | январь | Окуу бөлүм башчысы, тарб.иш. уюш-у | Педагогикалык кенеште | Анализ, мониторингтер | Билим сапатынын осушунун рейтинги чыгат жана программа-н аткарылыш-а козом-к болот |
| 12 | "21- кылымдын интеллектуалдары" , "Манас таануу" конкурстарынын өтүлүшү. | январь | Окуу бөлүм башчысы.физика, кыргыз тили мугалимдери | Директорлук кенешмеде | Интернет, ноутбук, компьютер, телефон. проектор | Окуучулардын билим сапатынын котоpуудогу мугалимдердин иш аракети бааланат |
| 13 | Окуучулардын ар бир класска тартылышынын жыйынтыгы январь учету | январь | , соцпедагог | Педагогикалык кенешмеде | Январь учету | Окуучулардын сабакка тартылуусуна көзөмөл болот. |
| 14 | анг.тили сабактарынын берилиши (окуу-н билим сапаты,тест алуу) | февраль | Окуу бөлүм башчысы.УБ жетекчи, | Директорлук кенешмеде | Интернет, ноутбук, компьютер, телефон. проектор | Окуучулардын билим сапатынын котоpуудогу мугалимдердин иш аракети бааланат |
| 15 | Музыка, көркөм өнөр, технология сабактарынын берилиши | февраль | Окуу бөлүм башчысы.УБ жетекчи, | Директорлук кенешмеде | Интернет, ноутбук, компьютер, телефон. проектор | Окуучулардын билим сапатынын котоpуудогу мугалимдердин иш аракети бааланат |
| 16 | Билим берүүнүн сапаты 3-чейректин жыйынтыгы. | март | Окуу бөлүм башчысы, тарб.иш. уюш-у | Педагогикалык кенеште | Анализ, мониторингтер | Билим сапатынын осушунун рейтинги чыгат жана программа-н аткарылыш-а козом-к болот |
| 17 | Акы төлөнүүчү, төлөнбөөчү ийрим иштеринин абалы | март | Предметтик мугалимдер | Директорлук кенешмеде | | Билим сапатынын осушунун рейтинги чыгат жана программа-н |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | мугалим-р | | | |
| 5 | Шыктандыруу чөйрөсүн түзүү | Январь | Ардагер мугалимдер | Педагогикалык кеңеште | | Окутуунун жаны ыкмаларын үйронушот |
| 6 | Мугалимдин устаттыгы жана окутуунун жаңы технологиялары | Февраль | Директор | Директордук кеңеште | тренинг | Окутуунун жаны ыкмаларын үйронушот |
| **№ 3 милдет Руханий –адептик жана дене бой жактан тарбиялоодоата-энелердин,коомчулуктун биргелешкен иш аракетин негиздөө. Ата-энелер менен мектептин байланышын чыңдоо.** | | | | | | |
| 1 | Август учетунун жый-гы,окуучул-н мектепке тартылышы. Окуучуларды социалдык изилдөө | сентябрь | Соц.педаг | Директорлук кенешмеде | Август учету | Билим сапатынын осушунун рейтинги чыгат жана программа-н аткарылыш-а козомолдук болот |
| 2 | “Карысы бардын ырысы бар” Улгайган адамдар жумалыгынын өтүлүшү | Октябрь | Уюштуруучу | Директорлук кенешмеде | | Окуучулар боорукерликке, кайрымдуулукка тарбияланышат |
| 3 | Дене тарбия сабактарынын өтүлүшү | Декабрь | Дене тарбия мугалимдери | Усулдук кеңеште | | Окуучулардын ден соолугуна кам көрүшөт, физикалык жактан туура калыптануусуна көңүл бурулат. |
| 4 | Кыздар жана балдар уюмдарынын иш аракеттери | Февраль | Тарб.иштеринин уюш, соцпедагог | Директорлук кенешмеде | Анализ, пландар | Окуучулардын сабакка тартылуусуна, тартибине көзөмөл болот. |
| 5 | “Биздин сүйүктүү акындар”, “Эң мыкты окуучу ”, “Эң мыкты класс” конкурстар | Апрель | Уюштуруучу ОББ | Директордук кенеште | Интернет, ноутбук | Окуучулар руханий-адептик тарбия алышат. |
| 6 | «Китеп-алтын казына» конференция | Апрель | Китепканачы. | Директор-к кенешмеде | Интернет ,ноутбук, компьютер, проектор | Окуучулардын китепке болгон кызыгуусу артат |
| 7 | «Жылдын мыкты окуучусу 2023» конкурсунун жыйынтыгы | Май | ОББ | Директордук кенешмеде | | Окуучуларга мыкты окууга стимул берилет. |
| **№ 4 милдет Ата-энелер менен байланышты күчөтүү, аларды тарбия иштерине тартуу, балага болгон жоопкерчилигин арттыруу, ата-энелер университетинин ишин алдыга жылдыруу** | | | | | | |
| 1 | Көзөмөл кеңешинин иш аракети | Жыл ичинде | Тарб.иштеринин уюш | Директор алдындагы кенеште | | Мектептин материалдык-техникалык базасы чыңдалат |
| 2 | “Тарбия тамыры ата-энеден башталат”. Ата-энелер универ-и боюнча иш чаралар | Жыл ичинде | Тарб.иштеринин уюш, соцпедагог | Педагогикалык кенеште | Интернет, ноутбук | Мектеп менен ата-энелердин ортосунда байланыш чындалат |
| **№5 милдет Окутууну жана тарбиялоону жакшыртуу максатында кошумча каражат табууну уюштуруу (фандрайзинг)** | | | | | | |
| 1 | Мектептин жаны 2022-2023-окуу жылына даярдыгы (мебелдердин | август | Профком, завхоз | Директорлук кенешмеде | Окуу мебелдери | Мебельдер ремонттолуп, каралат |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | аткарылыш-а козом-к болот |
| 18 | Лабораториялык, практикалык иштердин абалы. | март | Окуу бөлүм башчысы.химия, физика мугалимдери | Директорлук кенешмеде | Интернет, ноутбук, компьютер, телефон. проектор | Окуучулардын билим сапатынын которуудогу мугалимдердин иш аракети бааланат |
| 19 | Тарых, адам жана коом, дин таануу сабактарынын берилиши | Март | ОББ, предметтик мугалимдер, УБ, жетекчиси. | Директорлук кенешмеде | Интернет, ноутбук, компьютер, телефон. проектор | Окуучулардын билим сапатынын которуудогу мугалимдердин иш аракети бааланат |
| 20 | Окуу керемет долбоорунун иш абалы . башталгыч класстарда сабактардын берилиши, 4-класстын билим саатын текшерүү | апрель | директор | Педагогикалык кенеште | Тесттин түрлөрү | Негизги предмет-н билим сапаты канчалык бир деңгээлге жогорулайт |
| 21 | Чийүү, кол эмгек сабактарынын берилиши (окуу-н билим сапаты,тест алуу) | апрель | Окуу бөлүм башчысы.УБ жетекчи, | Директорлук кенешмеде | Интернет, ноутбук, компьютер, телефон. проектор | Окуучулардын билим сапатынын которуудогу мугалимдердин иш аракети бааланат |
| 22 | 9,11-класстын бутуруучулорун, жыйынтыктоочу аттестациясына жиберуу | май | Окуу бөлүм башчысы | Педагогикалык кенеште | | Жыл бою алган билимдердин жыйынтыгы менен |
| 23 | .Билим берүүнүн сапаты 4-чейректин жыйынтыгы. | май | Окуу бөлүм башчысы | Педагогикалык кенешмеде | Анализ, мониторингтер | Билим сапатынын осушунун рейтинги чыгат окучулардын предметке болгон кызыгуусу артат |
| 24 | 9-11-класстардын мамлекеттик бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу аттестациясынын жыйынтыгы | Июнь | Окуу бөлүм башчысы | Педагогикалык кенеште | | Билим сапатынын осушунун рейтинги чыгат жана програм-н аткарылыш-а козомолдук болот |

**№ 2 милдет Мугалимдерди мультимедиялык технологияларды жана электрондук программаларды колдонуусун өнүктүрүү менен профессионалдык деңгээлин жогорулатуу, усулдук жардамдарды уюштуруу.**

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Электрондук күндөлүктү колдонуу | Сентябрь | Предм-к мугалим-р | Усулдук кенеште | | Колдонуу ыкмаларын уйронушот |
| 2 | Насаатчылыкты уюштуруу | сентябрь | Окуу бөлүм башчысы, | Усулдук кенеште | | Жаш мугалимдердин иш аракетине жардам берүү |
| 3 | Мугалимдин компетентүүлүгү деген эмне? | Ноябрь | Ардагер мугалимдер | Педагогикалык кенеште | | Жаш мугалимдердин иш аракетине жардам берүү |
| 4 | STEM-технолог-н сабактарда колдонуу | январь | Предм-к | Усулдук кенеште | Интернет булактары | Окутуунун жаны ыкмаларын уйронушот |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | сакталышы, кабинеттерди жашылдандыруу | | | | | |
| 2 | Спорт залды керектуу инвентарлар менен жабдуу | | Директор А/о башчы | | | Керектуу инвентарлар менен жабдуу |
| 3 | Мектептин кышкы мезгилге даярдыгы | сентябрь, ноябрь | Профком, завхоз | Директорлук кенешмеде | | Мектеп кышкы мезгилге даярдалат |
| 4 | Өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу, эвакуация планы жана өрт коопсуз. эрежелерин.иштеп чыгуу.практ.сааттар | сентябрь | Профком, завхоз | Директорлук кенешмеде | Инструкция , журналдар | Эвакуация планы жана өрт коопсуз. эрежелерин.иштеп чыгарылат, окуучуларга тааныштырылат. |
| 5 | Мектептин ремонт иштерине даярдыгы | Май | директор | Директорлук кенешмеде | | |

БЕКИТЕМ

Мектеп директору: Муканбетова Э.Б.

**Мектептин ички көзөмөлү**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Убагы | Эмне каралат | Көзөмөлдүн түрү | Ким аткарат | Көзөмөлдөө |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Эмгек келишимин 1жылга түзүү. Окуу регламентин, класстардын жайгашуусун, окуу кезметин бекитүү. | Август | Класстардын абалы , окуу регламенти. | Жеке текшерүү | Директор, завхоз, окуу бөлүм башчысы | Педагогокалык кеңеште |
| 2 | Окуучулар канча % окуу китептери менен камсыз болуусу. Окуучулардын мектепке тартылуусу, класс комплект | | Август учету | Жеке текшерүү | Соц.педагог, класс жетекчилер | Директордук кеңешмеде |
| 3 | Мектептин соц.паспорту менен таанышуу | | Окуучулардын социалдык абалы | Жеке текшерүү | Соц.педагог, класс жетекчилер | Директордук кеңешмеде |
| 1 | 23-сентябрь . Мамлекеттик тил күнү | Сентябрь | Окуучулардын чыгармачылыгы | Жөндөмдүүлүктөрүнө жараша | УБ жетекчиси | Директордук кеңешме |
| 2 | Акы төлөнүүчү ийримдердин, Усулдук бирикмелердин 2022-2023-окуу жылында аткаруучу иш пландарын талкуулоо. | | Ийрим иштеринин ишмердүүлүгү | Жеке текшерү | УБ жетекчиси | Директордук кеңешме |
| 3 | Таланттуу окуучуларды аныктоо | | Билими,кызыгуусу | Жеке текшерүү | Педметтик мугалимдер | Усулдук бирикме |

**Мектептин ички көзөмөлү**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Убагы | Эмне каралат | Көзөмөлдүн түрү | Ким аткарат | Көзөмөлдөө |
|---|---|---|---|---|---|---|
